Бекитемин
Мектеп директору A.Бостонкулова

## Класс жетекчилердин милдеттери:

1. Класс жетекчи классынын окуучуларын сабак башталгандан, бүткөнгө чейин көзөмөлдөйт жана классында болгон ар кандай кырдаалга жооп берет.
2. Окуучу 3 күндөн ашык сабак калтырса, себебин билдирген түшүнүк катты же медициналык маалым катты окуучунун ата-энесинен жазуу түрүндө алып, дежур мугалимге тапшырат.
3. Ыкчам чара көрүү жана маалымдоо максатында, класс жетекчи окуучуларынын ата-энесинин уюлдук телефондорунун номерин билиши керек, класстык журналда ата-энелердин телефондору сөзсүз болушу зарыл.
4. Класс жетекчи окуучу жана анын ата-энеси менен жакшы мамиледе болуусу зарыл.
5. Мектепте өтүлүүчү класстан тышкаркы иш чараларда жана коомдук иш аткарууда окуучулар менен бирдикте болуусу зарыл.
6. Мыйзам бузуулар, чыр-чатак,зомбулук боюнча алдын алуу иштерин тынымсыз жүргүзөт.
7. Оор турмуштук кырдаалда калган, сабактарга көп келбеген же олуттуу себепсиз сабактарды бат-бат калтырган окуучуга көзөмөл жүргүзүүнү күчөтөт.
8. Бейтааныш адамдар менен мамиле кылуунун эрежелери боюнча окуучуларга класстык саат өтүшү керек.
9. Ата-энелерге үй бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу, балдардын коопсуздугун күчөтүүгө багытталган чогулуштарды өтүүсү зарыл.
10. Окуучу үчүн мектептен үйгө чейин жолдун коопсуз маршрутун иштеп чыгып, күндөлүккө тиркетиши керек.

ТИУ: А.Жээналиева